Койлубаев К.К

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

# ТАРЫХЫЙ ЫРЛАР ЖАНА ТАГАЙ ЭМИЛ УУЛУ

Жазгыч акындар кыргыз элинин бай оозеки адабиятына жана өзүлөрүнө чейинки көркөм сөз өнөрүнүн белгилүү өкүлдөрүнүн чыгармаларына таасир-ленип таянуу менен, анын негизинде жаңы чыгармаларды жаратуу жөн-дөмүнө ээ болгон. Ошону менен бирге алар элдик оозеки мурастарды дагы кагазга түшүрүшкөн. Алардын чыгар-маларынан оозеки адабияттагы жоктоо, керээз, кошок, балдар ырларынан тартып, санат-насыят, терме, легенда, санжыра, макал-лакаптарга чейин кездештиребиз. Ырларынан адеп-ахлак, жүрүш-туруш эрежелерин сүрөттөгөн оозеки адабиятыбыздагы салттуу темаларды да жолуктурабыз. Өзгөчө коoз табияты менен өзүнө тарткан жаратылыш темасына дагы кеңири орун берилген. Ал гана эмес, тарыхый ырлардын башаты да дал ушул жазгыч акындардын чыгармачылыгынан баш-талат жана анда тарыхта жашап өткөн белгилүү инсандар тууралуу баяндар да жыш кездешет.

XIX кылымда адабиятыбыз чыгарма жаратуу үлгүсү, сырткы түрү, ички көркөмдүк сапаты жагынан да бир топ өзгөрүүгө тушукту, тарыхый ырлар жаралды. Тарыхый ырлар, биринчи кезекте, элдин жашоо тиричилигинде даана болуп өткөн, анык окуянын негизинде пайда болору белгилүү. Ал - ошол доордогу болуп жаткан окуяга катышкан атактуу адамдардын эл-жеринин келечеги үчүн башын сайып өткөргөн өмүрүнүн, иштеген ишинин ыр түрүндө чагылдырылышы. Тарыхый ырлардын өзөгүндөгү каармандар - жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон кадырлуу кишилер. Ошол адамдардын бет алган максаты, кылган иши көпчүлүктүн ичинде эчен жолу айтылып, аңызга айланган. Мындай аңыз аңгемелер ошол тарыхый окуяга катышкан, өз көзү менен көргөн адамдар тарабынан баяндалган. Андыктан тарыхый ырларды акындар эки жол менен, тактап айтканда, ал өзү катышып, күбө болгон окуяны негиз кылып, же кайсы бир тарыхый окуяны башынан кечирген адамдардын айтып берүүсү менен жаратышкан десек болот.

Жазгыч акындардын чыгарма-чылыгы тарыхый, саясий татаал кырдаал, себептердин негизинде жаралды. Алардын бизге жеткен көркөм мурастарынын негизги бөлүгүн улуттун келечегине багытталган элди азаттыкка үндөө, оторчулук бийликке каршы күрөш, кыргыздардын өткөн доорлор-догу жоокердик эркин жашоосу өңдүү тарыхый тематикалар ээлейт.

Советтик мезгилде жазгыч акындардын чыгармачылыгы “замана”, “үркүн”, же болуп өткөн олуттуу окуялардын тарыхый чындыгын көркөм чындыкта чагылдырган ырлар болгон үчүн колдонуудан алынып салынып, алар изилдөө объектисинен четтелген-диги да белгилүү. Натыйжада, тарыхый ырлар толук жыйналбай да калган. Мына ошондуктан тарыхый ырларды эл арасынан чогултуу, изилдөө иштери дале болсо коомчулуктун, бүгүнкү күндүн жана келечектеги окумуштуулардын милдети болуп кала берет. Мазмуну улутчул, эски заманды эңсөө деп, учурунда акыйкатсыз баа алып келген жазгыч акындардын чыгармалары али да болсо өзүнүн баасына татый элек.

Мындай тагдырдагы жазгыч акындардын катарында Тагай Эмил уулу дагы бар экендиги көпчүлүккө дайын болбогон маалыматтардан. Анын чыгармачылыгына алгачкылардан болуп К.Карасаев кайрылган. Жазгыч акын 1875-1944-жылдар аралыгында Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал, Чүй өрөөн-дөрүндө жашап өткөн. Өспүрүм курагында өз учурунун алдынкы окуу жайларынын бири болгон Токмок шаарындагы медреседен, Закир дамбыл-дадан диний билим алган. 1920-жылы Алматыдан кызыл мугалимдерди даярдоочу курсту бүтүп, Тоң районунда мугалим болуп иштеген. Өзү демилге көтөрүп салдырган мектеби бүгүнкү күнгө чейин Тоңдун Көл-Төр айылында сакталып калгандыгын ушул эле айылдын тургуну Зарлык Түлөбаев көрсөтүп бергени бар.

Белгилүү окумуштуу Э.Арабаев менен үзөнгүлөш дос, чыгармачылык да, туугандык да жагынан жакын байланыштагы алыш-бериши бар адам болгон. Аны Каракол шаарынын жашоочусу, жазгыч акындын бир тууган жээни Тинатин Жанышова айныксыз далилдеп, жакынкы күндөргө чейин эле өз үйүндө Эшеналы Арабаевдин буюмдары сакталып келгендигин, бүгүнкү күндө алардан жалгыз калем салган куту (пенал) калгандыгын айтат. Ал кийин партияга мүчө болуп киргенине карабастан, мугалимдерди аттестациялоо шылтоосу менен ишке ашырылган диний билими бар эски окутуучуларды, молдолорду куугун-туктоо саясатына кабылат. Ушундан тартып анын чыгармачылыгына, ишмердигине чекит коюлуп, качкын турмушта өмүр кечирет. Тоңдон Кочкордогу Кызыл-Дөбө айылына келет. Андан Чүйгө өтүп, Ысык-Атадагы Карагай-Булак айылына келген. Ушул учурда Э.Арабаев камакка алынып, анын баласы Эрик, кызы Аккагаз жазгыч акындын үйүндө калып, кийинчерээк туугандары алып кеткен.

Аалым К.Карасаевдин маалымат-тарына караганда, жазгыч акындын "Ахвали Кыргызия" тарыхый поэмасынан тышкары, "Ойгон элим" жана башка бир канча казалдары Казакстан Илимдер Академиясында сакталып турат. Туугандарынын белги-лөөсүндө, жазгыч акын чыгармаларын учурунда Алматы шаарындагы басма-каналарга өткөрүп, калем акысын алып турган экен. Ал жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн куугунтугунан коркуп, бардык чыгармаларын өткөрүп берген болушу да мүмкүн. Анткени казак фольклорун жыйноочу А.Диваев (биздин К.Мифтаков сыяктуу) ошол жылдары өлкөбүздө, анын ичинде Ысык-Көлдө болуп, Алдаш Молдо менен дагы жолугушкандыгы тууралуу маалы-маттар бар. Тагай Молдонун "Ахвали Кыргызия" тарыхый поэмасы ушул фольклорист аркылуу Казакстанга өткөн. Ал чыгарма менен казактын чыгаан уулдары Муктар Ауэзов, Алкей Маргуландар тааныш болгондугун К.Карасаев ырастайт. Ал А.Маргуландан: "Диваевдин кыргыз адабиятын жыйнаганынан кабарыңыз барбы?" - деп сураганында: "О киси Кыргызстанда болгон. Тагай Эмилов деген кыргыз акын менен жолуккан. Оның жазган казелдерин да алган. Бул туралы малиметти менен көрө Муктар жаксы биледи. Муктар маган бир жылдары "Кыргыздын Тагай Эмилов дейтин акыны болган. Оның 1916-жылы кыргыз элиниң чыгарган көтөрилисин суреттеген поэмасы болган...", - деген маалыматтарды берген. Кийинчерээк М. Ауэзов Тагай Эмиловдун түздөн-түз тукумдары, мураскери болсо, кол жазмаларды кайтарып берүү ниетин билдирген.

Акындын туугандарынын айтуусунда, бул тилек белгилүү себептер менен ишке ашкан эмес. Жазгыч акындын мураскерлери саясий куугунтуктан коркуп, фамилиясын башка туугандарына каттатышса, жакындары ал тууралуу сөз кылуудан чочулаш-кан. Бактыга жараша, бул тарыхый поэма Алкей Маргулан аркылуу К.Карасаевдин колуна тийген жана 1975-жылы Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фон-дусуна өткөрүлгөн. "Тагай Эмил уулунун чыгармасынын аты - "Ахвали Кыргызия", 1100 жол. Революциядан мурунку орфография менен жазылган. Аны окуш өтө кыйын. Окуп бере турган адам да калган жок. Ошондуктан ал поэманы азыркы кыргыз алфавитине транслитерация кылып, түшүнүксүз арабча, парсыча терминдеринин түшүнүгүн четине жазып, эки нуска кылып машинкага басып койдум", - деп чыгармадан үзүндүлөрдү келтирген. Тилекке каршы, чыгарманын толук үлгүсү менен таанышууга мүмкүнчүлүк болбо-гондуктан, биз дагы ушул үзүндүлөргө токтолуу менен чектеле турууга аргасыз болдук. Анткени аалым К.Карасаев өткөргөн кол жазмалар фондусундагы эмгектердин арасынан биз издеген "Ахвали Кыргызия" тарыхый поэмасын кездештире албадык. Бирок жазгыч акынга тиешелүү болгон төмөнкү эки кагаз биз сөз кылып жаткан кол жазманын ушул жерде болгондугунан кабар берип, табылып калар деген үмүтүбүздү жандырды.

1. Т.Эмиловдун свидетельствосу, "Ахвали Кыргызия поэмасы менен кошо" деген жазуусу бар барак. Бул кол жазманын тышы болушу мүмкүн.

2. Жазгыч акындын Верный шаарынан 1920-жылы 26-августа мугалимдер курсун бүткөндүгү тууралуу күбөлүгү.

Үркүндү чагылдырган чыгарма-лардын дээрлик бардыгында жерги-ликтүү элден аскер алуу жөнүндөгү падышанын буйругуна баш ийбей, көтөрүлүш башталгандыгы чагыл-дырылат. Ал эми жазгыч акындын тарыхый поэмасындагы бул ыр саптарда улуттук боштондук көтөрүлүшкө чейин

кабыл алынган “Талаа жобосунан” кеп козголуп атат. Анын 125-беренесинде кыргыздардын өздөштүрүп келе жаткан жерлерине өздөрү ээ экендиги, алардан аскер алууга болбой тургандыгы жана башкалар айтылат:

*“Калк эдик бир миллион чамасында,*

*Караган Россиянын фаанасына.*

*Мал багып, өзлүгүнчө оокат эткен,*

*Сайрандап Сахаранын даласында.*

*Каратты бизди орус шол чамада,*

*Тарыхка миң сегиз жүз элүү сана.*

*Ок атпай кылыч чаппай карадыңыз,*

*Тийбейбиз жер-сууңа деди жана.*

*Офа кылам деп сүйлөдү айткан сөзгө.*

*Карасак көздү ачып данеме жок!*

*Булардын эч кимиси ушул кезде.*

*Албайбыз зордук кылып малың деди,*

*Келбейди салдаттыкка алың деди.*

*Бергин да түндүк башы налог акча,*

*Шону мен бизден аман калың деди”* (1).

Ошондой эле бул багыттагы чыгармалардан айырмаланып, Кытайга кача албай калган элдин аянычтуу тагдырлары төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

*“Ойлосок агады кан көзүбүздөн,*

*Бакыттын тайган чагы экен, кыргыз, бизден.*

*Жыйнады ээн жүргөн малдын барын,*

*Энди булар Көлдү карай дагы жүргөн,*

*Ашып түштү Коңур-Өлөң деген белди.*

*Тапты азыраак Саяктан калган элди.*

*Кыдыктан да аз-маз эл калган экен,*

*Ёлтүрдү булардан да эчен-дерди”*(1).

Жазгыч акындын бул ыр саптары Тоң аймагындагы ошол алааматтан кийин эл тарабынан Кырк-Шейит деп аталып калган жердеги окуяны баяндап жаткандыгы эч бир шек туудурбайт. Чындыгында, бул жерде басымдуу бөлүгү жаш балдардан турган бир канчалаган элди падышачыл жазалоочу аскер бөлүгү канга бөлөгөн. Бул туурасында азыркыга чейин аңызга айланган кептер айтылганы менен, чыгармада берилгендей, Кыдык уруусунан дагы шейит кеткен кишилердин сөөгү ушул жерде экендиги белгисиз болчу. Алардын канга жуурулган денелерин калган-каткан журт ошол жерге жашырышкан.

Жакынкы эле жылдарда ушул жерге жергиликтүү мекенчил азаматтар тарабынан эстелик орнотулду.

Ошондой эле жазгыч акын өз ата-тегин мындай тааныштырат:

*“Калкым Саяк Жумгалда,*

*Оодарды ушул замана.*

*Асыл затым Катаган,*

*Буюрган шондой насибе.*

*Ысык-Көлдүн бөксөсү,*

*Коңур-Өлөң өлкөсү.*

*Алагөз-Каба элинде*

*Турган жерим мына шу”* (1).

Бул багытта изилдөөлөр жүрүп жаткандыгына карабастан, ал тууралуу айтылчу сөздөр алдыда экендигин танууга болбойт. Жазгыч акындардын чыгармачылыгына кайрылуу менен улуттук адабия-тыбыздын көрөңгөсүн арттырып эле тим болбостон, анын адабият таануучулук багыттарынын бир катар жаңыча маселелери да козголору шексиз.

Тагай Эмил уулунун аталган чыгармаларын өзүнчө жыйнак кылып бастырып чыгуу зарыл. Андагы маалыматтар тарыхыбызга айрым так-тыктарды киргизе алат жана бүгүнкү муунду улутун, Мекенин, эгемендигин сүйүүгө тарбиялайт.

**Адабияттар:**

1. Карасаев Х. Тагай Эмил уулу жөнүндө./ К-те: Карасаев Х. Хусейин намаа. – Б: Кыргызстан. - 55-65-б.б.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 4-т. -Б., 2002.